# Окутуунун жыйынтыктары

## 1. Билим жаатындагы жыйынтыктар

Студент төмөнкүлөрдү билиши керек:

- маалыматтык системалардын жана технологиялардын негизги түшүнүктөрүн, структурасын жана колдонуу чөйрөлөрүн;
- чоң көлөмдөгү маалыматтарды (Big Data) иштетүүнүн ыкмаларын, алгоритмдерин жана моделдерин;
- Python, R, Java, SQL жана башка программалоо тилдеринин синтаксистик өзгөчөлүктөрүн;
- маалыматтар базасын долбоорлоо, оптималдаштыруу жана коопсуздук принциптерин;
- машиналык үйрөнүү (Machine Learning) жана жасалма интеллекттин (AI) негиздерин;
- статистикалык анализ, моделдөө жана маалыматтарды визуалдаштыруу ыкмаларын;
- маалыматтык коопсуздуктун принциптерин жана этикалык аспектилерин.

## 2. Иштөө жана колдонмо компетенциялар

Студент төмөнкү иш-аракеттерди жасай алат:

- маалыматтарды чогултуу, сактоо, тазалоо жана аналитикалык иштетүү боюнча программаларды түзүү;
- маалымат базасын долбоорлоо, SQL суроолорун түзүү жана отчетторду түзүү;
- аналитикалык моделдерди түзүү жана машиналык үйрөнүү алгоритмдерин колдонуу;
- Python (NumPy, Pandas, Matplotlib), R, Power BI, Tableau сыяктуу инструменттер менен иштөө;
- веб-тиркемелерди иштеп чыгуу жана маалымат аналитикасын интеграциялоо;
- маалыматтарды визуалдаштырып, башкаруу чечимдерин кабыл алууга колдоо көрсөтүү;
- долбоордук иштин жыйынтыктарын презентациялоо жана отчеттоо.

## 3. Жеке жана социалдык компетенциялар

- командада иштей алуу, коммуникация жүргүзүү жана биргелешип долбоор аткаруу жөндөмдүүлүгү;
- кесиптик этика, маалыматтардын купуялуулугун сактоо жана жоопкерчиликтүү иш алып баруу;
- үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүү жана жаңы технологияларды өздөштүрүү жөндөмү;
- англис тилиндеги илимий жана техникалык маалыматтарды окуп түшүнүү.

## 4.Билим берүү программасынын жыйынтыктары жана компетенциялары

| № | Компетенциянын коду | Окуутунун жыйынтыгы (Result of Learning) | Далил (Evidence / Доказательство) |
|---|---|---|---|
| 1 | **ПК-1** | Студент алгоритмдерди жана маалымат түзүмдөрүн колдонуп программалык камсыздоону иштеп чыгат. | Лабораториялык иштер, Python программалары, тесттик тапшырмалар. |
| 2 | **ПК-2** | Python жана SQL тилинде маалыматтарды иштетүү, талдоо жана отчет түзүү жөндөмүнө ээ. | Практикалык иш: “Маалыматтарды талдоо Pandas китепканасы аркылуу”, курстук долбоор. |
| 3 | **ПК-3** | Маалымат базасын долбоорлоону жана оптималдаштырууну өздөштүргөн. | Delphi, Access же PostgreSQL базасында түзүлгөн долбоор, ER-диаграмма. |
| 4 | **ПК-4** | Чоң көлөмдөгү маалыматтарды (Big Data) иштетүү жана визуалдаштыруу ыкмаларын колдоно алат. | Jupyter Notebook, Power BI отчеттору, визуалдаштыруу скриншоттору. |
| 5 | **ПК-5** | Машиналык үйрөнүү жана аналитикалык моделдерди колдоно алат. | ML-моделдер боюнча отчет, Scikit-learn колдонулган лабораториялык иш. |
| 6 | **ПК-6** | Команда менен иштөө, долбоорлорду пландоо жана башкаруу жөндөмүнө ээ. | Erasmus+ ELBA долбоору, командалык иштердин отчеттору. |
| 7 | **ПК-7** | Илимий-изилдөө ишин жүргүзүп, натыйжаларды талдоо жана корутунду чыгаруу жөндөмүнө ээ. | Илимий макала, студенттик конференциядагы баяндама, дипломдук иш. |
| 8 | **ОК-1** | Маалыматтык коопсуздуктун негиздерин жана этикалык нормаларды сактайт. | Сабак “Информационная безопасность”, тесттер жана презентациялар. |
| 9 | **ОК-2** | Санариптик сабаттуулук жана үзгүлтүксүз билим алуу көндүмдөрүнө ээ. | Moodle/Google Classroom отчеттору, онлайн курстардан сертификаттар. |
| 10 | **ОК-3** | Англис тилинде адистик тексттерди окуй жана түшүндүрө алат. | Информатика боюнча англис тили сабактарынан жыйынтык отчеттор. |